| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ АЙМАК ҮЧ-КОРГОНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО КЕНЕША |
|---|---|

**Үч-Коргон айылдык кеңешинин кезексиз XII сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 10-октябры №01-06/12-02 Үч-Коргон айылы

**Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл чарба багытындагы жер аянттарын салык ставкаларын бекитүү жөнүндө.**

"Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин" II глава 18-беренесинин 4-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин" 5-беренесинин 5-пунктуна ылайык, Үч-Коргон айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Үч-Коргон айыл аймагындагы айыл чарба багытындагы жер аянттары төмөнкү:
   -айдоо-сугат 1,0 га жер аянты үчүн 731 сом
   -айдоо-кайрак 1,0 га жер аянты үчүн 70,0 сом
   -көп жылдык бак –дарактар 1,0 га жер аянты үчүн 225 сом
   -чөп-чабынды 1,0 га жер аянты үчүн 40 сом салык ставкалары бекитилсин.

2. Жогоруда белгиленген өлчөм жыйымдарынын чогултуу жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Үч-Коргон айылдык кеңешинин "Финанс жана бюджет" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңешинин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Д.Ахуновага милдеттендирилсин.

**Төрага: С.Атамбаев**